Click here to buy ABBYY PDF Transformer 2.0 www.ABBYY.com

УДК:821:398.3: 297(575.2) (04) DOI:10.35803/1694-5298.2021.4.625-628

**САБЫР УУЛУ АМАНГЕЛДИ**
[1]КРУИАнын Ч. Айтматов атындагы Тил жана адабият институту
[1]АН КР Научно-исследовательский институт языка и литературы имени Ч. Айтматова

**SABYR UULU AMANGELDI**
[1]Academy of the KR research institute of Language and Literature named after Ch. Aitmatov
amansabyrtegin@gmail.com

# «МАНАСКА» АТ КОЮЛУШУНУН ФИЛОСОФИЯЛЫК МААНИСИ (С. ОРОЗБАКОВ ЖАНА ТОГОЛОК МОЛДОНУН ВАРИАНТЫНЫН НЕГИЗИНДЕ)

# ФИЛОСОФСКИЙ СМЫСЛ НАИМЕНОВАНИЕ «МАНАС» (НА ОСНОВЕ ВАРИАНТА С. ОРОЗБАКОВА И ТОГОЛОКА МОЛДО)

# THE PHILOSOPHICAL MEANING OF THE NAME «MANAS» (BASED ON THE VERSION OF S. OROZBAKOV AND TOGOLOK MOLDO)

*Сюжеттик-композициялык курулушунда архаикалык көөнө моделдер «Манас» эпосунун өзөгүн түзүп, диний мотивдер менен катмарланып калган. Ошондуктан, «Манас» деген аттын коюлушу кеңири аспектиде каралып, көп илимдин тогошусунан анализге алынганы негиздүү. Тактап айтканда, фольклорду изилдөөнүн салыштырма-тарыхый, салыштырма-типологиялык жана аналитикалык психологиянын методдору менен анализге алынат. Андан тышкары, ислам аалымы Аль Газалинин диний-философиялык көз караштары С. Орозбаков, Тоголок Молдонун варианттарындагы философиялык ойлор менен паралель каралып, обьективдүү баа берилмекчи. С. Орозбаков, Тоголок Молдонун варианттарындагы «Манас» атынын коюлушу түрк элдеринин аалам тууралуу мифологиялык сюжеттерин негиз тутуп, ааламдык модел менен паралель коюлат. Жыйынтыгында, көчмөн дүйнөтаанымы менен ислам маданиятындагы кошбирдиктүү философиялык концепциянын орток моделдери гипотеза катары илимий коомчулукка сунушталат.*

***Өзөк сөздөр:*** *«Манас», эпос, философия, дүйнөтааным, теңирчилик, фольклор, ислам, Аль-Газали, айкөлдүк, канкорлук, дин, парадигма,трансформация.*

*В основе сюжетно-композиционного построения эпоса «Манас» лежат архаичные модели, наслоенные религиозными мотивами. Наименование «Манас» в кыргызской культуре должно быть рассмотрено в широком аспекте и проанализировано на стыке многих наук. Сравнительно-исторические, типологические методы изучения фольклора и методы К. Г. Юнга, который основал аналитическую психологию, с его теоретической концепцией, которая интерпретирует архетипические символы, лежащие в коллективном сознании людей. Объектом исследования аналитической психологии были мифы, эпосы, легенды, религиозные сюжеты.*

*А когда ислам проникает в кыргызскую среду, происходит слияние двух великих культур в одно целое. Будет проведен научный анализ и объективная оценка того, почему исламу уделяется приоритетное внимание и факторы, играющие большую роль в его принятии. А также наименование «Манас» будет рассматриваться параллельно с философскими взглядами Аль-Газали и использоваться в качестве теоретической базы.*

***Ключевые слова:*** *«Манас», эпос, философия, мировоззрение, ислам, монотеизм, Аль Газали, великодушный, парадигма, фольклор, тенгриантство, трансформация.*

ABBYY PDF Transformer 2.0 Click here to buy www.ABBYY.com

*Archaic model forms layered with religious motifs are the core in the plot construction of the epic "Manas". Therefore, it is quite logical that the issue of the name of "Manas" was discussed in a broader aspect and analyzed in several sciences. Folklore is analyzed by methods of comparative historical, comparative typological and analytical psychology. In addition, the religious and philosophical views of the Islamic scholar Al-Ghazali will be considered and objectively evaluated in parallel with the philosophical reflections of S.Orozbakov's and Togolok Moldo's versions of the epic. The name "Manas" in the variants of Orozbakov, Togolok Moldo is based on the mythological stories of the Turkic peoples about the Universe and draws a parallel with their universal models. As a result, general models of the philosophical concept of duality in nomadic and Islamic culture are proposed to the scientific community as hypotheses.*

***Key words**: "Manas", epic, philosophy, worldview, tengrism, folklore, islam, Al-Ghazali, virtue, bloodlust, religion, paradigm, transformation.*

«Манас» эпосундагы ислам динин анализге алууда С. Орозбаков жана Тоголок Молдонун жашап өткөн тарыхый мезгили жана өмүр баяны чоң мааниге ээ экенин белгилегим келет. Айрыкча, түрк дүйнөсүнө ислам динин реформалоо боюнча «жадидчилик» агым пайда болуп, медреселерге светтик сабактарды киргизүү менен жаңы методдорду кабыл алып, агартуучулук иш-аракеттер жүрө баштаган. Бул кыймылга кыргыз элинин алгачкы агартуучулары – И. Арабаев, К. Тыныстанов, Б. Солтоноев, Тоголок Молдо, Молдо Кылыч, Ы. Абдрахманов, С. Орозбаков ж.б. сыяктуу адамдар кирген. «Жадидчилик» кыймыл боюнча изилдеген А. Кубатованын пикиринде саясый аң сезимдин калыптануусуна улуттук идентүүлүк гана эмес, түрк жана ислам дүйнөсү деген кеңири мезгилдик-мейкиндик алкактагы көз караштар өнүгүшүнө таасир бергенин мындай белгилейт: «Джадидское движение в начале XIX-конца XX веков являлся первопричиной формирования национального самосознания в общественно-политической жизни всего Туркестана, в том числе и Кыргызстана... В это время было наиболее важным зарождение национального движения и образование политических организаций. Особенно, это усилилось после революции в России 1905 года, в обществе стали появляться первые представители национальной интеллигенции, которые вышли с идеями объединения тюркских народов" [5]. «Манас» эпосу С. Орозбаков жана Тоголок Молдонун варианттарында ислам динин системага келтирилип, философиялык деңгээлге көтөрүлүп, саясый-экономикалык масштабдуу багыты аныкталып калган. Ошондуктан, С. Орозбаков жана Тоголок Молдонун вариантын анализге алууда ислам окууларын негиздеген Абу али Ибь Сина, Аль Фараби, Аль Газали, кожо Ахмед Ясави, Накшбандия сыяктуу инсандардын көз караштары жана исламдык практикалары пайдаланылмакчы.

С. Орозбаков жана Тоголок Молдонун айткан варианттарында Манаска ат коюлушун кыргыз дүйнөтаанымындагы ааламдык модель ислам философиясы менен параллель каралат. Эки манасчыда тең ат коюлуш кырдаалы мындай берилет:

«Дубана сүйлөп калганы.
«Ат коюнуз акыр!»—деп,
Адамдын баары чуу этти.
«Баш жагына «мем» келсин
Байгамбардын сүрөтү.
Ортосуна «нун» келсин
Олуянын сүрөтү.
Аягына «сен» келсин
Арыстандын боруму,
Арты кайда кетти экен
Ал үчөөнүн оруну
Окуп билди «Манас!» — деп [ 1,1-китеп,169-б.], ал эми, Тоголок Молдонун вариантында деле текстологиялык жактан окшош экенин баамдасак болот.

Бул баланын атына,
Баш жагына «мым» келсин,

ABBYY PDF Transformer 2.0 Click here to buy www.ABBYY.com

Пайгамбардын сүрөтү.
Ортосуна «нун» келсин,
Олуянын сүрөтү.
Аягына «сын» келсин,
Арыстандын поруму.
Окуп көрсө баланын,
Аты «Манас» дейт [2, 82-83-б.],– деп думана ат коюп кетет.

Текстке кайрыла турган болсок, анда баш жагына – пайгамбар, ортосуна – олуя, аягына – арстандын поруму деп, 3 категорияга басым жасаган. Ислам философиясынын көрүнүктүү өкүлү аль-Газали дүйнөнү да 3 кө бөлүп карайт. Алар: 1. Мүлк дүйнөсү; 2. Малакут дүйнөсү; 3. Джабарут дүйнөсү [3. 3-том, 682-б.]. Мүлк дүйнөсү – бул Кудай тарабынан жаратылган материалдык өзгөрмөлүү дүйнө. Материалдык дүйнөдөгү көрүнүштөр бат-баттан өзгөрүүгө дуушар болуп, бирде бар да, бирде жок болуп, түбөлүктүү эмес. Сезүү органынын таануусуна жол берген биз жашап жаткан дүйнө. Экинчи, малакут дүйнөсү – жогорку руханий түбөлүктүү ички акыл дүйнөсү. Ал эч качан өзгөрбөйт, жок болуп кетпейт, бир калыпта жашайт. Сезүү органдары менен таанууга мүмкүн эмес, бир гана интуитивдүү таанууга мүмкүн. Үчүнчү, джабарут дүйнөсү – жогору санап өткөн эки дүйнөнүн ортосундагы ортомчу дүйнө болуп саналат. Руханий дөөлөткө ээ болгон эркүүлүктүн, күч-кубаттын, акылмандуулуктун багытына негизделген. Материалдык дүйнөнүн жыргалчылыгынан баш тартып, кудайдын түбөлүктүү дүйнөсүнө сүңгүп кирип кетүүдө жогорку акылмандуулук, күчтүү эрк, таза акыл керек экенин айтып кеткен. Жогорку санап өткөн дүйнөлөрдүн борборунда адам баласынын жолу аныкталып отурган. Ошону менен катар аль-Газали жанды 3кө бөлүп карайт Алар: 1. Табигый-айбандык жан; 2. Адамдык жан. 3. Тынч абалга келген кудайлык жан деп классификациялаган.

| | «Манас» эпосунан | Аль-Газали боюнча дүйнөнүн бөлүнүшү | Аль-Газали боюнча жандын бөлүнүшү |
|---|---|---|---|
| 1 | Баш жагына «мым» келсин,<br>Пайгамбардын сүрөтү. | Малакут дүйнөсү; | Тынч абалга келген кудайлык жан |
| 2 | Ортосуна «нун» келсин,<br>Олуянын сүрөтү. | Джабарут дүйнөсү. | Адамдык жаны |
| чабуул3 | Аягына «сын» келсин,<br>Арыстандын поруму. | Мүлк дүйнөсү; | Табигый-айбандык жан; |

Жогорку схемада көрүнүп тургандай Манастын атынын коюлушунда эң акыркы сабында «Аягына «сын» келсин // Арыстандын поруму» деп сүрөттөлгөн сөздөрдүн маанисине келе турган болсок, анда «арыстан» табигый-айбандык жан-дүйнөнүн символу катары материалдык (мүлк) дүйнөнү чагылдырып турат. Арыстан – жалпы жапайы айбандардын падышасы болуп саналат. Ал ачка болгондо курсагын тойгузуп, сексуалдык кумарын кандырып, өзүнүн үйүрүн топтоп, жашоо үчүн күрөшөт. Акырында үйүрүнө физикалык жактан башчы боло албай калганда жаш арыстан аны чөйрөсүнөн сүрүп чыгарат. Ошону менен каңгып жүрүп өлөт. Адам төрөлгөндө эле жапайы-айбандык инстинктер менен төрөлүп, аны менен өмүр бою жашайт. Бул – жаратылышытын катаал мыйзамы. Ал эми, «арыстандын поруму» деп эпосто берилеп жатканы – Манас баатыр да арыстандыкындай эр жүрөктүүлүк, баатырлык, канкорлук сапаттарга ээ.

Андан кийин «Баш жагына «мым» келсин // Пайгамбардын сүрөтү» деген сөздөрдүн маанисинде пайгамбар тынч абалга келген кудайлык ички жан дүйнөнүн, түбөлүктүү эч өзгөрүлбөгөн малакут дүйнөсү. Пайгамбарлардын сыпаттамасы төмөнкүдөй – айткан ойлору менен жасаган иштери бирдей, алар кемчиликсиз адамдар, өзгөчө акыл жөндөмдүүлүгүнө ээ болуп, таза адам болгондуктан Кудайдын өкүмдөрүн адамдарга жеткирет. Ошондуктан, пайгамбарларга кудайдын дүйнөсүнөн орун даярдалып коюлган. Ал эми, эпосто берилгендей Манас баатырдын айкөлдүк сапаты – кечиримдүүлүгүнөн, түшүнүктүүлүгөн, кеменгерлигинен кабар берет.

«Ортосуна «нун» келсин // Олуянын сүрөтү» деген сөздөрдүн өзөгүндө олуя адамдар жогорку пайгамбарлардан айырмаланып, кемчиликсиз зат эмес. Алар кадимки эле адамдардай жапайы-айбандык инстинктеги кумарлары болушу ыктамал, ошону менен катар кеменгерлик, улуу касиеттери болушу мүмкүн. Ал өзүнүн жогорку акылмандуулук, күчтүү эрк, таза акылдын жардамы менен ички жандүйнөсү бир калыпка түшкөн малакут дүйнөсүнө өтүп кетет же материалдык дүйнөнүн кумарына алдырып, жапайы-айбандык жандүйнө менен мүлк дүйнөсүндө калып калат деген ойлорду чөгөргөнгө аракет кылган. Эпосто
«олуянын сүрөтү» деп берип жатканы – Манас баатыр дагы эр жүрөк, көк жалдыгы менен канкорлук иштерди кылып жүрүп өтөбү же жогорку акылмандуулук, күчтүү эрк, таза акылдын жардамы менен ички жан дүйнөсү айкөлдүккө сугарылган малакут дүйнөсүнө барабы. Жарык дүйнөгө келгенден кийинки тагдырындагы багыты, тандап алган тандоосу өзүнөн көз каранды. Өзү чечип, өзү тандоо жасайт.

«Ал үчөөнүн оруну // Окуп билди «Манас!» — деп» деген саптар эң акырында берилип жатат. С. Орозбаковдун вариантындагы Манас баатырдын гениалдуу эпитеттеринин бири:

Алтын менен күмүштүн
Широөсүнөн бүткөндөй. **Асман менен жериңдин**
**Тирөөсүнөн бүткөндөй.** Айың менен күнүңдүн,
Бир өзүнөн бүткөндөй [6, 5-китеп. 365-б. 758] деген саптарга көңүл бура кетүү негиздүү деп эсептейм. Айрыкча «Асман менен жериңдин // Тирөөсүнөн бүткөн» – бул Манас. Ал эми, Орто кылымда табылган Орхон-Енисей рун жазмалардын арасынан Күлтегинге арналган эстеликте: «Үстүндө көк теңир, астында кара жер жаралганда, эки арада киши уулу жаралган» [4, 62-бет] деген саптарды эске ала турган болсок, анда С. Орозбаков да, Тоголок Молдо да кыргыздын байыртадан келе жаткан теңирчилик дүйнөтаанымындагы моделдерди ислам философиясы менен иштеп чыкканга аракет кылган. Ал эми, «канкордук» жана «айкөлдүктүн» ортосундагы тандоодо Манастын айкөлдүк деңгээлге көтөрүлгөн окуя
«Чоң казат» бөлүмүндө баяндалат.

. Канкорлук – материалдуу дүйнөгө кумарланып, жапайы-айбандык жандүйнөдөн жогоруу көтөрүлө албаган пенде, ал эми, айкөлдүк – жогорку акылмандуулук, күчтүү эрк, таза акылдын жардамы менен ички жандүйнөсүн тынч абалга алып келген кудайлык жан деп моделдештирсек туура болот. Тактап айтканда, Жакыптан калган мал-мүлк, жоодон олжого келген байлыкты өзүнө алып калбастан элге таратып жатат.

С. Орозбаков жана Тоголок Молдо ислам динин кыргыз элинин руханий дөөлөттөрүнө сокур көчүрүп келүү аракетин көрбөстөн, диний-философиялык категорияларды окуп, аларды өздөштүрүп, андан кийин гана «Манас» эпосуна жогорку манасчылык чеберчилик менен эстетикалуу иштеп чыкканга бүткүл мүмкүнчүлүн жумшаган.

### Адабияттар тизмеси


1. Орозбаков С. Манас эпосу [Текст]:1-китеп. / С.Орозбаков. – Б.: Кыргызстан басмаанасы, 1995. – 570 б.
2. Тоголок Молдо Манас эпосу [Текст] / Тоголок Молдо. – Б.: Турар басмаканасы, 2013. – 676 б.
3. История таджикской философии [Текст]: 3том. –Душанбе: Дониш, 2013. – 965

б.

4. Орхон-Енисей тексттери [Текст]. –Фрунзе: 1982.

5. Кубатова А. Джадидизм в Кыргызстане: Общественно-политическая и культурно просветительская деятельность джадидов (1900-1916 гг.) // Автореферат ..../А.Кубатова. – Б.: 2013. 20-б.

6. Орозбаков С. Манас эпосу [Текст]:5-китеп / С.Орозбаков. – Б.: Кыргызстан басмаканасы, 1995. – 758 б.